# «ИШ КАГАЗДАРЫН САБАТТУУ АЛЫП БАРУУ» ПРАКТИКАЛЫК СЕМИНАРЫ

(К.КАРАСАЕВДИН 120 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

**ДОКЛАД ОКУГАН:** БОРОНОВА З.С.- КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АЛДАБИЯТ МУГАЛИМИ

**ПРАКТИКАЛЫК ИШ ӨТКӨРГӨН:** ТААБАЛДИЕВА Г.А.- КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ МУГАЛИМИ

# КАРАСАЕВ КУСЕИН (1901-1998)

*КЫРГЫЗ СОВЕТ ТИЛЧИСИ,
*УЛУТТУК ТУҢГУЧ ЛЕКСИКОГРАФ ЖАНА ЛЕКСИКОЛОГ.
* ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ (1944),
* ПРОФЕССОР (1966),
*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМИНЕ ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР (1992).



- **Кусейин Карасаев кыргыз тил илиминин теориялык-тарыхый проблемаларын терең изилдеген окумуштуу. Сталиндик репрессия тушунда Касым Тыныстановдун шакирти катары куугунтукка кабылып, абакка түшүп, совет доорунда өкүмзор бийликтин ыдыгын тарткан.**
- **Кусейин Карасаевдин туулган жылы тууралуу маалыматтарды так деп айтыш кыйын, айрым кабарларда ал 1901-жылы, экинчи биринде 1902-жылы, дагы бир баянда 1905-жылы Түптүн Токтоян айылында төрөлгөнү жазылган.**
- **Окумуштуунун өзүнүн ырасташынча, ал Касым Тыныстанов менен тең болгон (демек, 1901-жыл). 7 жашка чейин чоң атасы Калыбек ажынын колунда өсүп, тестиер чагында (1914 – 1916) Караколдогу орус-тузем мектебинде окуган.**
- **1916-жылкы Үркүндө эл менен Кытайга качып, кийин жерине кайтып келген.**

**1921-1922жж. Кең-Суу айылдык революциячыл комитетинин (Селревком) төрагасына орун басарлык кызматты аткарган, маданий-агартуу кызматтарда иштеген.**

**1923-1925жж. Ташкент шаарындагы кыргыз агартуу институтунан окуган. Бул института окуп жүрүп « Эркин-Тоо» гезитинин алгачкы сандарын чыгарышкан жана ага кабарчылык кылган, Орто Азия мамлекеттик университинин жумушчу факультетине кыргыз тилинен сабак берген (1923-1927) , ошондой эле ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун котормочулар жана рецензенттер тобунун бюросуна мүчө болгон.**

**1927-жылы Карасаев Бакуда өткөн жаңы түрк алфавитинин борбордук комитетинин пленумуна катышкан.**

**1931-1940жж.Кыргыз маданий курулуш илимий изилдөө институтунда (КирНИКС; кийин тил, адабият, андан кийин тил, адабият жана тарыхилимий изилдөө институту) илимий кызматкер.**

**1951-1974-жж.Кыргыз мамлекеттик университетинде мугалим болуп иштеген.**

**Карасаев кыргыз алфавитинин бардык түрүн түзүүгө катышкан. Авторлош болуп чоңдор үчүн «Жаңылык» (1927) деген туңгуч алиппе түзүшкөн, өзү да «Сабат ачкыч» (1927) алиппесин жазган.**

- **Ал И.А.Батманов менен бирге кыргыздардын сөздүк жаатындагы туңгуч эмгеги – «орусча-кыргызча сөздүктү» (1938) түзгөн, 1944-жылы чыккан «орусча-кыргызча сөздүктүн» басымдуу бөлүгүн, 1957-жылы чыккан «Орусча-кыргызча сөздүктү»**
- **Карасаевдин кыргыз фольклористикасы менен адабият таануусунун,котормо теориясына да сиңирген эмгеги бар. Буга анын «Котормо жайында», Манас»,Кыргыз ырларынын түзүлүшү дегендей макалалары далил.**
- **Кыргыз ыр түзүлүшү боюнча терминдердин уюткусу да Карасаев тарабынан иштелип чыккан.Ал ошондой эле элдик оозеки чыгармаларды жыйноо котормо ишине да кыйла салым кошкон.Семетей баш болгон жомок дастандарды жыйнаган, 1931-жылы айтылуу манасчы Саякбай Каралаевди Фрунзе шаарына алып келип, маданий илимий журтчулукка тааныштырып, андан «Манас» эпосун жазып алууну уюштурган.**
- **Кусейин Карасаев Кыргызстан эгемендикке жетишкен чакта Каракол шаарында жашап, илимий изилдөөчүлүк иштерин уланткан. Улуу окумуштуу 1998-жылы каза болуп, сөөгү туулган жеринде коюлду, Каракол шаарында Карасаевдин үй-музейи ачылган.**




ХУСЕИН
НААМА









# СЕМИНАРДЫН ПРАКТИКАЛЫК БӨЛҮГҮ

1. ИШ КАГАЗДАРЫНЫН ЖАЗЫЛЫШ ҮЛГҮЛӨРҮ

2. ЖАТ ЖАЗУУ

## Өмүр баян

**Өмүр баян – кимдир бирөө өзүнүн өмүр жолун баяндап жазышы. Өмүр баянда адамдын эмгек жана коомдук ишмердүүлүгүнө байланыштуу негизги фактылар камтылат.**

### Өмүр баян

**Мен, Акылбек кызы Жаңыл, 1973-жылы 2-январда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Саруу айылында төрөлгөм.**

**1980-жылы Саруу айылындагы С.Сыдыков атындагы орто мектептин 1-классына кабыл алындым жана аны 1991-жылы аяктадым.**

**1991-жылы КМУУнун экономика жана башкаруу факультетинин финансы жана кредит бөлүмүнө кабыл алынып, 1995-жылы университетти артыкчылык диплому менен бүтүрдүм.**

**1995-жылы "Учкун" акционердик коммерциялык банкына адис катары кабыл алындым.**

**Учурда ушул банктын кредит жана аудит бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатам.**

**Үй-бүлөлүүмүн. Бир уул, бир кызым бар.Жолдошум Жумалиев Эрмек "Шоро" жабык типтеги АКында экономист болуп иштейт.**

Дарегим:
Бишкек шаары
Тунгуч кичи району
2-үй, батир №53
Тел: 34-56-90
Уюл.тел: 0555 777 000

__________________ Акылбек кызы Жаңыл
(кол амгасы)

Азыркы учурда жумушка орношууда заман талабына жараша мекеме , уюмдар **таржымалды б.а. резюме** ( фр. –кыскача баяндоо) деп аталган документтин толтурулушун талап кылышат. Анда талапкер тууралуу жумуш берүүчүнү кызыктырган бардык маалымат камтылып, жумушка тиешеси болбогон маалыматтын берилбегени туура болот.

шаары
району
көчөсү
Тел:

**Өздүк маалымат**

Аты-жөнү

Туулган жылы.

Билими

Стаж

Иштеген жери

Сыйлыктары

Үй-бүлөсү

Туруктуу дареги

**Арыз**

**Арыз – жеке адамдын же топтун тиешелүү кызмат адамдарына жазуу түрүндө расмий билдирүүсү. Арыз кол менен жазылат.**

**Арызга төмөндөгүдөй талаптар коюлат.**

**1.Арыз берилген мекеменин аты**

**2.Жетекчинин аты-жөнү**

**3.Арыз ээсинин өздүгү**

**4.Аты-жөнү**

**5.Жашаган жери**

**6.Өтүнүчү, даттануусу**

**7.Арызга тиркелген документтер (канча беттен турут, ким тарабынан берилген)**

**8.Арыздын жазылган күнү, айы, жылы, өзүнүн жеке колу.**

**Бишкек шаарындагы**
**№99 орто мектебини директору**
**З.Асановага**
**“Учкун” кичи районунун тургуну,**
**11-классынын окуучусу**
**Асыл Калиевадан**

**Арыз**

**Ата-энемдин башка кызматка которулгандыгына жана жашаган жерибиздин өзгөргөндүгүнө байланыштуу менин өздүк деломду берүүнүздү суранамын.**

**Арызга окуп жаткан Темиров атындагы орто мектеп тарабынан берилген маалым катты тиркеймин.**

**____________________________Асыл Калиева.**

**12.12.2020.**

# Мүнөздөмө

Мүнөздөмө жетекчилик тарабынан мекеме, уюм, ишкана кызматкерине берилет.Анда туулган жери,жылы, улуту, иштеген кызматы, коомдук иштерге катышкандыгы, ишиндеги жакшы жактары жана кемчиликтери жазылат. Мүнөздөмө адистин сураныччы боюнча атайы окууга кирүү, башка ишке которулуу, кызматтан жогорулоо, сунуштоо максатында жазылат.

**Мүнөздөмө**

**Бул мүнөздөмө Талас областынын Талас районундагы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинин бүтүрүүчүсү Сыдыков Кабылга берилет.**

**Сыдыков К 1981 –жылы Талас районундагы Кең-Арал айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1988-жылы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектептин 1-классына кирип, анын толук курсун 1999-жылы бүтүрдү.**

**Мектепте жакшы окугандыгы жана үлгүлүү жүрүш –турушу, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн көп жолу сыйланды.**

**8-класстан баштап , кыргыз адабиятын айрыкча сүйүп окуу менен мектепте ийиримдин активдүү катышуучуларынан болду. 9-10-класстарда да жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, адабияттан алган билимин дагы тереңдетти.**

**Сыдыков К. кичи пейил, мугалимдердин берген ар кандай тапшырмаларын так аткарып, үлгүлүү жүруш-турушу менен мектептин админстрациясынын бир нече мактоо грамотасына татыктуу болду. Кийинки кездерде адабиятка болгон кызыгуусу абдан артты. Ырлары, макалалары республикалык газеталарга, журналдарга жарыяланды.**

**Мүнөздөмө Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүнө кирүү үчүн берилет.**

**Мектептин директору: ( колу) Т. Алымов.**
**Класс жетекчиси: (колу) С.Айипова.**

**12.08 2020.**

# Протокол

**Протокол маанилүү жана көп киши катышкан жыйындын, чогулуштун же кандайдыр бир олуттуу маселе каралган отурумдун өткөрүлүшүн, андагы катышкан адамдардын сүйлөгөн сөзүн жана кабыл алынган чечимин же токтомун баяндаган документ болуп саналат. Протокол толук жана кыскартылган түрүндө жазылышы мүмкүн.**

**Протокол төмөнкүдөй түзүмдөн турат.**

1. **Киришүү бөлүмү**
2. **Негизги бөлүм**
3. **Угулду.**
4. **Чыгып сүйлөгөндөр**
5. **Токтом кылат**

**№82 орто мектебинин 11-классынын ата-энелер чогулушунун**

**Протоколу**

№ 5
23.09.2020
Бишкек шаары

Төрагасы (төрайым): Таирова Р.
Катчысы: Касымова Т.
Катышкандар: 34

Күн тартиби:

1. 2020-2021-окуу жылынын 2-чейрегинин жыйынтыгы, билим сапаты.
2. ЖТРга даярдыктар
3. Учурдагы маселелер

**Угулду: 1. Алиева Д-** класс жетекчиси- 2-чейректин жыйынтыгы менен ата-энелерге тааныштырып, билим сапатынын абалын айтып өттү.

**Марипова Б-** математика мугалими- бүтүрүүчү класстардын азыркы абалга жараша аралыктан окуунун кыйынчылыктарына токтолду.

**2. Касымова П-кыргыз тил жана адабият мугалими-** алдыда келе жаткан ЖРТ даярдык көрүү зарылдыгын билдирди.Албетте, бул иште ата-энелердин колдоосу керек экендигине токтолду.
**Деркембаев Ж**- ата-энелер комитетинин төрагасы- окуучулардын мектепти ийгиликтүү аяктап, ЖРТ жакшы даярдыктар көрүүсүнө ата-энелер да кам көрүү керектигин белгилеп өттү. Аралыктан окутууда да ата-энелер балдарды ар тараптан колдоп, шарт түзүп, жардам берүү керектигин айтты.

**3.Учурдагы маселелер- Алиева Д – класс жетекчи** -класстын жалпы абалы, мектеп талаптары, тарбия маселелеси, сабакка катышуусуна токтолду жана талкууга койду.

Жарыш сөзгө чыкакандарды угуп жана талкуулап чогулуш чечим кабыл алат:

1. 3-чейректе билим сапатын жогорулатуу талапка ылайык иш алып баруу ар бир предмет мугалимдерин милдеттендирилсин.
2. ЖТР га даярдык көрүүдө жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлсүн.
3. Окуучулардын сабактартарга катышуусу , даярдыгы  тыкыр көзөмөлгө алуу класс жетекчисине милдеттендирилсин.

Төрага: ______ Таирова Д.
Катчы: _______ Касымова Т.

Жарыш сөзгө чыкакандарды угуп жана талкуулап чогулуш чечим кабыл алат:

1. 3-чейректе билим сапатын жогорулатуу талапка ылайык иш алып баруу ар бир предмет мугалимдерине милдеттендирилсин
2. ЖТР га даярдык көрүүдө жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлсүн.
3. Окуучулардын сабактарга катышуусу, даярдыгын тыкыр көзөмөлгө алуу класс жетекчисине милдеттендирилсин.

Төрага: ______ Таирова Д.
Катчы: _______ Касымова Т.

КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАРГА

РАХМАТ!